Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№1 [16997] ИШЕМБИ, 17/01/2026

## “Жыл адамы – 2025» сыйлыктары тапшырылды


2-бетте

## МУГАЛИМ - СЫЙМЫКТУУ КЕСИП



5-бетте

## ЖОЛБОЛДУ АЛИБАЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЭСТЕТИКАСЫ


4-бетте

## АЛТЫНБЕК ИСМАИЛОВ - ЗАМАН АКЫНЫ


8-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 29**
**Нускасы: 1700**

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е

**Жазылуу индекси:**
68420

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:**
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама:
**7–13–34**
Жооптуу катчы:
**7–10–02**
Жарнак бөлүмү:
**7–11–31**
E-mail:
**oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Эки тараптуу жолугушуу



*Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын (КМДБ) Ош облусундагы өкүлүнүн милдетин аткаруучу (казы) Султанали ажы Гапуров менен жолугушту.*

Жолугушууда облус аймагындагы диний кырдаал талкууланып, мындан аркы кызматташтыкты чыңдоо боюнча пикир алмашылды. Ошондой эле мечиттердин абалын жакшыртуу, каттоодон өтө элек мечиттердин документтерин тездетүү жана бир айылда бир нече мечит ачылышы ынтымакка терс таасирин тийгизип калбашы керектиги белгиленди.

Жолугушуунун соңунда облус башчысы Султанали ажыга ишине ийгилик каалап, дин кызматкерлери менен тыгыз иштөөгө даяр экенин билдирди. Өз кезегинде казы Аманкан Кенжебаевди жаңы кызмат орду менен куттуктап, ак батасын берди.

# РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВДУН 85 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ БЕЛГИЛЕНДИ




*Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында залкар обончу, композитор, аткаруучу, кыргыз музыка өнөрүнүн өчпөс классиги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Рыспай Абдыкадыровдун 85 жылдык мааракесине арналган эскерүү кечеси болуп өттү.*

Салтанаттуу иш-чарага мамлекеттик жана маданий ишмерлер, чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү, музыка изилдөөчүлөрү, өнөрпоздор жана залкар обончунун күйөрмандары катышты. Куттуктоо сөзү менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Арслан Койчиев жана Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин биринчи орун басары Союзбек Надырбеков чыгып, Рыспай Абдыкадыровдун улуттук музыка маданиятына кошкон өзгөчө салымын белгилешти.

Кечеде композитордун кайталангыс чыгармачылык жолу, табият берген мукам таланты, кыргыз музыка искусствосундагы өзгөчө орду кеңири эскерилди. Рыспай Абдыкадыров формасы татаал, колорити бай, бири-бирине окшобогон обондорду жаратып, эл жүрөгүнөн терең орун алган чыгармаларды калтырган. Анын обондору улуттук музыкалык ой жүгүртүүнүн бийик үлгүсү катары бааланып келет.

Эскерүү кечесинин жүрүшүндө Рыспай Абдыкадыровдун белгилүү жана сейрек аткарылган чыгармалары жаңырып, көрүүчүлөр залкар обончунун руханий дүйнөсүнө дагы бир ирет сүңгүп кирүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

Бул эскерүү кечеси Рыспай Абдыкадыровдун "экинчи өмүрү" — анын чыгармалары аркылуу уланып жатканын, залкар композитордун мурасы кыргыз музыкасы менен бирге түбөлүк жашай берерин дагы бир жолу тастыктады.

# "Жыл адамы – 2025» сыйлыктары тапшырылды



*«Ош жаңырыгы» гезитинин редакциясы Т.Сатылганов атындагы Ош облустук китепканасында иш-чара өткөрүп, «Жыл адамы – 2025» номинациясы боюнча эмгек алдыңкыларына дипломдорду тапшырды. Белгилей кетсек, аталган номинация коомдук турмушта өзгөчө активдүүлүк көрсөтүп, ар кайсы тармактарда олуттуу жетишкендиктерге жетишкен инсандарды даңазалоону максатын көздөйт.*

Сыйлоо аземине мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин өкүлдөрү, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, ишкердик чөйрөсүнүн өкүлдөрү, коомдук ишмерлер, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, спортчулар, ошондой эле массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышышты. Иш-чаранын жүрүшүндө өлкөнүн жана аймактын өнүгүшүнө салым кошуп келе жаткан алдыңкы инсандардын эмгеги дагы бир ирээт белгиленип, аларга атайын дипломдор тапшырылды.

Аземдин башталышында Башкы редактор А. Каракозуев сөз сүйлөп :

-«Ош жаңырыгы» гезитинин редакциясы бул сыйлык аркылуу коомго үлгү боло турган, өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кылган, эл үчүн кызмат кылып келе жаткан жарандарды таанып-билүү жана колдоо негизги максат экенин белгиледи. Мындай демилгелер коомдо позитивдүү маанай түзүп, жаш муунду эмгекчилдикке, мекенчилдикке үндөйт".



Ошондой эле коноктор тарабынан куттуктоо сөздөр айтылып, иш-чара жылуу маанайда жыйынтыкталды.

«Жыл адамы – 2025» сыйлыгы мындан ары да салттуу түрдө өткөрүлүп, коомдун ар кыл тармактарында талыкпай эмгектенген инсандарды колдоого багытталаары белгиленди.

**Г. Өскөнбаева.**

# Жаңыланган балдар бакчасы

*(Фотобаян)*





Ош шаарындагы “Төлөйкөн “ кичирайонунда жайгашкан 380 орундуу “Мээрим” балдар бакчасы 35 жылдын ичинде бир да жолу капиталдык ремонт болбой, кыйын шартта иштеп келген. Жыл сайын өткөрүлүп келген кезектеги ремонт көптөн бери топтолуп калган көйгөйдү чече алган эмес. Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев балдар бакчасындагы мындай абал менен таанышып чыгып, имаратты жаңылоо тапшырмасын берген болчу. Анын негизинде өткөн жылы анын капиталдык ремонту үчүн жергиликтүү бюджеттен 54 млн.сом каражат бөлүнгөн болчу.

Капиталдык ремонттун алкагында балдар бакчанын эшик-терезелери, жылытуу системалары, санитардык түйүндөр толугу менен жаңыланды. Ошондой эле балдар ойной турган аянтчалар түзүлүп, эс алуучу беседкалар жана отургучтар орнотулду. Бала бакчанын бөлмөлөрүндөгү эски линолеумдар сыйрылып, анын ордуна жыгач тактайлар басылды. Ичи-тышы сапаттуу сырдалды. Тайпалардагы катуу жана жумшак мебелдер жана жууркантөшөктөр да жаңыланды. Айлана-тегерегине асфальт басылды.


Ош шаарындагы “Мээрим” балдар бакчасы Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тарабынан жаңы жылдын алдында болуп өткөн элдик курултайда онлайн форматында ачылган болчу.

Жакында Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев менен Ош шаардык Кеңешинин төрагасы Болот Баетов ата-энелердин катышуусу менен жаңыланган балдар бакчасында болуп кайтышты. Келген коноктор жаңыланган балдар бакчанын ичине кирип, жылууланган окуу класстары, ашкана, музыкалык жана спорт зал менен таанышып чыкты.

Ата-энелер балдары үчүн түзүлгөн ыңгайлуу шарт үчүн ыраазылык сөздөрүн айтуу менен, өлкөнүн экинчи борбору болгон байыркы Ош шаарындагы болуп жаткан өнүгүүлөрдү жасап жаткан мэр Жеңишбек Токторбаевдин эмгегин баса белгилеп өтүштү.

Жолугушуунун соңунда Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев менен Ош шаардык Кеңешинин төрагасы Болот Баетов балдар бакчасынын жетекчиси Матраим кызы Рахимага жана алдыңкы тарбиячыларга шаардын мектепке чейинки билим берүү тармагын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Ардак грамота тапшырышты.





**Кыш сыноосу**

# Ийгилик аракеттен болот

**Жер рельефи, климаты татаал, бийик тоолуу Алай жергеси башка аймактарга салыштырмалуу кышы узакка созулган аймак болгондуктан, мында күз-кыш мезгилин ийгиликтүү өткөрүү үчүн алдын ала даярдык көрүлөт. Биз жакында райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акиминин орун басары Жапанов Шерикбай Жеңишбековичке жолугуп, ушул багытта маектешип кайтканбыз.**

-Алай - климаты катаал, кышы узакка созулган аймак. Ошондуктан райондук мамлекеттик администрациясы үстүбүздөгү жылдын июнь айында 2025-2026-жылда күз-кыш мезгилин ийгиликтүү өткөрүү боюнча буйрук чыгарып, бул багытта атайын штаб түзүлгөн. Анын алкагында июль айына мекеме-уюмдарды жана калкты көмүр менен камсыздоону уюшкандыкта өткөрүү үчүн тендер өткөрүлүп, “Алай Голд” ишканасы менен алдын ала келишим түзүлгөн. Бардык айыл өкмөттөрдө, мекеме-уюмдарда жана көп кабатуу үйлөрдө от казандарын жана жылытуу системаларын кезектеги жана капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча атайын график белгиленген. Штабдын жетекчисинин жана мүчөлөрүнүн көзөмөлү менен бир катар от казандар жаңыга алмаштырылган. Бир бөлүгү капиталдык ремонттон өткөрүлүп, алдын ала сыноодон өткөн.

Азыркы учурда 7 айыл аймакта жайгашкан социалдык мекемелерге, саламаттык сактоо, билим берүү жана маданият жаатындагы мекеме-уюмдарга, кесиптик лицейге, мамлекеттик ишканаларга планда белгиленген көмүр толугу менен тартылган. Мисалга, билим берүү мекемелерине 4543, саламаттыкты сактоо мекемелери үчүн 670 тонна көмүр керектелсе, анын баары суук түшкөн мезгилге чейин эле жеткирилип берилген. Райондук жалпы дарыгердик практика борбору баш болгон саламаттыкты сактоо мекемелеринде от казан жана жылытуу системалары сапаттуу ремонттон өткөрүлгөндүктөн, алар кыштын каарын сезген жок.

Райондо жашаган 92 миңден ашык калк үчүн 12 000 тонна көмүр керектелет. Бүгүнкү күндө райондун аймагында калк үчүн 9 жерде көмүр сатуучу жай ачылган. Мүмкүнчүлүгү бар жарандарыбыз өзүнө керектүү көмүрдү күн мурунтадан эле сатып алышкан. Социалдык жактан аялуу калктын катмарына жеңилдетилген баада көмүр берилген. Жалпысынан алганда калктын 72,3 %ы көмүр менен камсыздалды. Көмүрдү азыраак сатып алган жарандарыбыз үчүн сатып алууга керек болгон көмүрдүн кору бар. Азыркы учурда 1 килограмм көмүрдүн орточо баасы 7-8 сомду түзөт.

Бул жерде баса белгилеп өтүүчү жагдай, 13 040 кожолук жашаган Памир-Алай айыл аймагындагы Нура, Сары-Таш, Талды-Суу. Сары-Могол сыяктуу айылдарда кышы 7-8 айга созулат. Ар бир үй-бүлө сезондо 5тен 7 тоннага чейин көмүр керектегендиктен, бул аймактын жашоочуларын көмүр менен камсыздоого өзгөчө көңүл бурулду. Азыркы күнгө карата аталган айыл аймакта жашаган калктын 91,7%ы “Алай Голд” ишканасы тарабынан көмүр менен камсыздалды

Алай райондук электр тармактар ишканасы (жетекчиси Жээнбеков Акмурза) да кышка карата жакшы даярдык менен келди. Жергиликтүү калк деле байкап жатат, жылдан жылга мамлекетибиздин экономикасы өнүгүп, бул тармакта сезилерлик жылыш, өсүш бар. Үстүбүздөгү жылы ишкананын Гүлчөдөгү 2, Сопу-Коргондогу жана Сары-Таштагы участкаларында 18 млн. сомдук жумуштар аткарылып, кошумча 18 трансформатр коюлду. 251 мамыча жаңыдан орнотулду. Ишкана 480 км аралыктагы 10 киловольттук, 385 км. аралыктагы 0,4 киловольттук аба чубалгыларын тейлейт. Аба чубалгыларын жана көмөкчү чордондорду кезектеги жана капиталдык ремонттон өткөрүү жумуштары планда белгиленген мезгилде аткарылды. Мына ушундай жумуштар өз мөөнөтүндө аткарылгандыгынын натыйжасында бир топ участкалар ашыкча күч келтирүүдөн арылды. Райондун аймагында техникалык жоготуу быйылкы жылы өткөн жылга салыштырмалуу 1,3 %га азайды. Тактап айтканда өткөн жылы техникалык жоготуу 12,3 % болсо, быйыл бул көрсөткүч 11 %ды түзүү. Бул албетте, чоң жетишкендик. Ишканада башка райондорго салыштырмалуу дебитордук карызды өндүрүү маселеси да оң жолго салынды. Быйылкы жылдын 11 айдын жыйынтыгы менен алганда бул көрсөткөч 103 %ды түздү.



13 646 абонентти тейлеген ишканада электр энергиясы боюнча чектөөлөр киргизилген жок. Авариялык өчүрүүлөр гана болбосо, башка өчүрүүлөр катталган жок.

Электр энергиясынын таңкыстыгы мамлекеттик маанидеги олуттуу маселе болуп жаткандыктан, аны үнөмдүү пайдалануу максатында райондук мамлекеттик администрациясы айыл аймактарынын башчылары, мекеме уюмдардын жетекчилери менен түздөн-түз жумуштарды алып барып, калк арасында түшүндүрүү иштери аткарылууда.

Райондун аймагындагы мамлекеттик ишканаларда, мекемелерде көчө жарыктары кечки саат 6дан кийин өчүрүлүп жатат.

Кыш-жол тейлөөчү ишканалар үчүн да чоң сыноо. Биздин райондун аймагында жолдорду Гүлчөдөгү №959 жана Сары-Таштагы №960-жол тейлөө мекемелери тейлейт. Жолчулар да кышка алдын ала даярдык менен келишти. Аларды өздөрүнө тагылган милдеттерин толук кандуу аткарып жатышат деп айтсак аша чапкандык болбойт. Алардын техпарк быйыл жол тазалоочу грейдер, кызматтык “Пикап” автомашинары менен толукталды. Планда көрсөтүлгөн кум, шагыл сыяктуу жергиликтүү инерттүү материалдар алдын ала даярдалды. Алсак, №960-жол тейлөө мекемеси тарабынан быйылкы жылы 8 600 тонна инерттүү материалдар даярдалды. Инерттүү материалдарды сактоо үчүн Талдык жана Тоң-Мурун ашууларында 2 ангар (кампа) салынды. Алар аба-ырайынын сууктугуна карабастан, жолдун эң татаал деп саналган Чыйырчык, Каблан- Көл, Талдык. Тоң-Мурун, Кызыл-Арт ашууларында инерттүү материалдарды чачып турушат.

**Материалды даярдаган:**
**Төлөнбай**
**АБДЫРАЗАКОВ.**

# СҮЙҮҮ, ТАГДЫР ЖАНА УЛУТТУК РУХ: БИР ДООРДУН АҢЫЗЫ ЖОЛБОЛДУ АЛИБАЕВДИН ЛИРИКАЛЫК-ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЭСТЕТИКАСЫ

**Кыргыз профессионалдык жана салттуу музыкасынын өнүгүү тарыхында Жолболду Алибаев атабыз өзгөчө орунду ээлейт. Атабыз - салттуу ырчылык менен автордук обончулукту органикалык айкалыштырган, лирикалык темаларды эпикалык кендикте иштеп чыккан, улуттук маданияттын ички мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таянуу менен бирге дүйнөлүк музыкалык процесстин типологиялык өзгөчөлүктөрү менен да үндөш чыгармачыл феномен. Жолболду Алибаевдин чыгармачылыгы ырчы-аткаруучу, обончу, дастанчы, санатчы жана педагог катары көп кырдуу мүнөзгө, синкреттүүлүккө ээ болуп, кыргыз музыкасынын көркөм-эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө олуттуу салым кошкон.**




## Жолболду Алибаев - салттуу ырчылык мектептин улантуучусу

Жолболду Алибаевдин чыгармачылык стили кыргыз салттуу ырчылык мектебинин көрүнүктүү өкүлдөрү - Атай Огонбаев, Муса Баетов, Шекербек Шеркулов, Рысбай Абдыкадыров калыптандырган эстетикалык принциптерге таянат. Бул мектепке кең диапазондогу вокалдык мүмкүнчүлүк, текстке өзгөчө маани берүү жана импровизациялык башталыштын үстөмдүгү мүнөздүү. Алибаев салтты кайталоо менен чектелбестен, аны заманбап автордук ой жүгүртүү менен байытып, элдик форманы жогорку көркөм деңгээлге көтөрө алган. Бул жагынан алганда, аны улуттук музыкалык салтты профессионалдык деңгээлге чыгарган Рабиндранат Тагор (Индия) же Амир Хосров Дехлеви сыяктуу инсандар менен типологиялык салыштырууга болот.




## «Чолпонум» феномени: сүйүү темасынын эпикалык интерпретациясы

Жолболду Алибаевдин чыгармачылыгындагы эң көрүнүктүү чыгармалардын бири - 290 саптан турган «Чолпонум» аттуу автордук дастан-ыры. Бул чыгарма кыргыз музыкалык маданиятында сейрек кездешкен көрүнүш болуп, сүйүү темасын лирикалык деңгээлден философиялык-эпикалык кендикке чыгарат.

«Чолпонумда» сүйүү жеке сезим катары эмес, адам тагдырына таасир эткен руханий күч катары интерпретацияланат. Музыкалык формасы боюнча чыгарма дастандык структурага ээ болуп, кыргыз оозеки поэзиясынын салттуу логикасы менен автордук композициянын синтезин түзөт. Бул жагынан алганда, аны Франц Шуберттин вокалдык циклдери же Низами Гянджевинин сүйүү эпостору менен салыштыруу негиздүү.

## Индивидуалдашкан образ жана автордук аталыш маданияты

Жолболду Алибаевдин чыгармачылыгындагы өзгөчө белги - сүйүү образын жалпылабастан, атын атап, конкреттүү инсанга арнап ырдоо ыкмасы. Бул ыкма: чыгарманын чындыкка жакындыгын күчөтөт, автор менен каарман ортосундагы чек араны жоёт, музыкалык текстти автобиографиялык деңгээлге көтөрөт.

Дүйнөлүк практикада мындай ыкма Боб Дилан, Жак Брель сыяктуу автор-аткаруучуларга мүнөздүү. Алибаев да жеке турмуштук тажрыйбаны универсалдуу көркөм формага айланта алган.

## Поэтикалык мурастарды музыкалаштыруу жана жаңыча боё

Жолболду Алибаев Жеңижок, Барпы, Коргоол, Молдо Нияз, Нурмолдо, Калыгул сыяктуу улуу акындардын тексттерин музыкалаштыруу аркылуу алардын поэтикалык мурасына жаңы көркөм дем берген. Ал тексттин ички ритмин так сактап, поэтикалык образды вокалдык интонация аркылуу терендетип, сөз менен обондун органикалык биримдигин түзө алган.




Анын репертуарында Барпы Алыкуловдун сөзүнө жазылган «Өзгөчөм», «Мырзайым», «Буракжан», Жеңижоктун «Көк сулуу», Коргоолдун «Сен, сен дүйнө», Молдо Нияздын «Даткайым», элдик «Акжамал» жана башка ыр-дастандар өзгөчө орунду ээлейт. Калыгулдун «Тар заманын» ырчылардын ичинен алгачкылардан болуп эл алдына алып чыгышы - анын жарандык позициясын да айгинелейт.

## Автордук термелердеги жарандык жана философиялык идеялар

Жолболду Алибаевдин автордук термелеринде улуттук биримдик, тарыхый эс тутум жана руханий жоопкерчилик маселелери көтөрүлөт. Мисалы, «Айрылышпа кыргыздар, айрылышпа» аттуу термесинде элдик тагдыр философиясы төмөнкүдөй поэтикалык формада берилет:

«Ээн талаа эрме чөл, белге сиңип,
Эрип кардай этегиң жерге сиңип.
Эр Манасың болбосо, ошондо эле,
Эл болуудан калмаксың элге сиңип». Бул саптарда "Манас" эпосу кыргыз улуттук иденттүүлүгүнүн негизги тиреги катары символдоштурулуп, элдик тарых менен бүгүнкү күндүн ортосунда руханий байланыш түзүлөт.

Ошондой эле, замандашы, Кыргыз Республикасынын эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Анатай Өмүркановго арнаган ырында Алибаев чыныгы акындык принциптерди - чындыкка берилгендикти, арзан атактан жана материалдык кызыкчылыктан баш тартууну - жогорку нравалык категория катары: " ...Чындыктан бүткөн ырлары,

Чыйрыктырды көптөрдү.
Туура сөздөн адашып,
Турмуштун көзүн ойгон жок.
Туйтунган арам акчага,
Тууганчыл акын болгон жок.
Чырмалышып жалганга,
Чындыктын көзүн ойгон жок.
Жетишкен жеңил атакка,
Жердешчил акын болгон жок..." - деп баалайт.

## Педагогикалык жана аткаруучулук ишмердүүлүк

2000-жылдан бери Жолболду Алибаев Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинде окутуучу, профессор болуп эмгектенип келет. Ошондой эле ал Р. Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясынын артисти катары активдүү чыгармачылык иш жүргүзүп, 100гө жакын обондорду жараткан. Кыргыз улуттук «Манас» театрында Жолболду Алибаев атындагы дастанчылар классында дагы устаттыкты аркалап келет. Анын «Караматхан», «Сүйгөнүмө» сыяктуу ондогон чыгармалары Кыргыз радиосунун «Алтын казынасына» жазылып алынган. «Гүлазык», «Чолпонум» аттуу ыр жыйнактары, ошондой эле ыр, санат, дастан, термелерден турган эки автордук жыйнагы жарык көргөн. Соңку жылдары даңазасы артып жаткан "Дана кыз" ырына арналган чыгармалар жыйнагы дагы академик Абдылдажан Акматалиев агайдын башкы редакторлугунда жарык көрдү.

Жолболду Алибаев - кыргыз улуттук музыкасынын локалдык чегинен чыгып, дүйнөлүк маданий процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрү менен шайкеш келген көп кырдуу чыгармачыл феномен. Анын мурасы салт менен жаңычылдыктын, жеке тагдыр менен улуттук рухтун органикалык биримдигин чагылдырат. Ошондуктан Жолболду Алибаевди бир доордун аңызы катары гана эмес, кыргыз музыкалык маданиятынын универсалдуу баалуулугу катары баалоо илимий жактан негиздүү.

Бар болуп, кылым жашаңыз АҢЫЗ аксакал!

Менчик майрамыңыз куттуу болсун! Элиңиз үчүн эсен кылсын Жараткан!

**Азиз Биймырза уулу коомдук ишмер, манасчы, теле алып баруучу.**

# МУГАЛИМ - СЫЙМЫКТУУ КЕСИП

**Суюнова Зульфия Ташбаевна 1967-жылы 22-августта Ош шаарында төрөлгөн. Ал орто мектепти аяктаган соң 1985-жылы ОшМУнун тарых факультетине тапшырат. Тарых, адам жана коом сабагынын мугалими, 1991-2000-жылдары Ош шаарындагы Жолон Мамытов атындагы орто мектебинин тарых мугалими, 2001-2016-жылдары Кара-Суу райондогу Ак-Буура орто мектебинин тарых мугалими, баштапкы профсоюз уюмунун төрайымы, 2016-2019-жылдары Ак-Буура мектебинин директору болуп иштеген. 2022-жылдын 30-августунан баштап директорлордун сынагынан өтүп, Кара-Суу райондогу Мады айыл өкмөтүнүн аймагындагы №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы жалпы билим берүү мектебинин директору болуп дайындалат. Үй-бүлөлүү, жолдошу экөө перзенттеринин сүйүктүү ата-энеси.**








2007-жылы Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамотасы, 2008-жылы Төлөйкөн айыл өкмөтүнүн Ардак грамотасы, 2010-жылы Ош облусунун билим берүү кызматкерлеринин Профсоюз комитетинин Ардак грамотасы, билим берүү жана илим кызматкерлеринин “Профсоюз кыймылынын мыктысы” төш белгиси менен сыйланган. КРнын Билим берүү илим министрлигинин Ардак грамотасы, 2011-жылы КРнын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин Профсоюз комитетинин дипломү, 2012-жылы Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, КРнын “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгисинин ээси.

Кара-Суу райондогу Мады айыл өкмөтүндөгү № 87 Сыдык Алайчы уулу атындагы жалпы билим берүүчү мектебинде азыркы мезгилде 87 мугалим, 1534 окуучуга билим беришет.

Ар бир кесип ардактуу жана сыймыктуу деп билебиз. Ошол кесиптердин ичинен эң кымбаты, эң бийиги мугалимдик кесип, анткени, тамга тааныткан алгачкы мугалим эсибизде түбөлүккө калат. Мугалимдин окуучусуна берген билими, татыктуу тарбиясы чексиз. Ар кайсы кесиптин ээлери, мугалимден билим алышып, белгилүү окумуштуу, дарыгер, маданият, архитектура, курулуш жана башка тармактарда үзүрлүү эмгектенип жатышат. Сыдык Алайчы уулу ( Бала ырчы) атындагы жалпы билим берүү мектебине киргенибизде эле чоң портреттин алдындагы төрт сап ыр көз алдыбызга тартылды.

Билимдүү болсоң-озосуң,<br>
Билимсиз болсоң-тозосуң.<br>
Билимдүү болсоң-бекемсиң,<br>
Билимсиз болсоң-бечелсиң.





Мектептин экинчи кабатына чыкканыбызда окуучулар үчүн билим алууга бардык шарттар түзүлгөндүгүн көрүп чыктык. Айрыкча окуу класстарынын жасалгасы химия, биология, физика, лабораториялар кааналары, азыркы заманбап үлгүдөгү жабдуулар менен жабдылган.

2023-жылы Край таануу музейи ачылган. Мында медиа музейи да бар. 2024-жылы “ЮЗОФ”-Ош долбоорунун алкагында кесипке багыт берүүчү клуб уюштурулган. Түштүк Корея Эл республикасынын КЭМЭН университети менен № 87 Сыдык Алайчы уулу атындагы жалпы билим берүү мектебинин директору Зульфия Суюнова менен биргеликте келишим түзүшкөн. Бишкек шаарындагы Корей тили борбору тарабынан мектепке 15 парта, 30 стул, 500 даана корей тилиндеги окуу китептерин беришкен. 5-11-класска чейин окуучуларга акысыз үйрөтүшөт. Корей мамлекети тарабынан мугалимдерге айлык акысын төлөп беришет. Азыркы учурда 50 окуучу корей тилинде билим алышууда. "Мектеп-2030" долбоору менен иштешкен мектеп болуп саналат. Кесипке багыт берүүчү клуб жана долбоорлор менен иштешебиз дейт мектеп директору Зульфия айым. Өткөн жылы облустук семинарда да жогорку деңгээлде өткөрүшүп мугалимдер өздөрүнүн билимге болгон иш-тажрыйбасын көрсөтө алышты. 2023-жылы болсо, Эл аралык деңгээлде Сыдык Алайчы уулунун 130 жылдыгын жогорку деңгээлде өткөрүштү. Мына ушул эле жылы КРнын билим берүү тармагына таанылган белгилүү педагог Гапыр Мадаминов агай менен мугалимдердин, ата-энелердин жана окуучулардын ортосунда жолугушуу болуп өттү.

Ал эми билим берүүнүн сапатына токтоло кетсек, мыкты окуган окуучуларды олимпиадага катышууга даярдоодо мугалимдердин эмгеги да чоң. 2024-2025-жылы окуу жылында ЖРТнын жыйынтыгында 1 окуучу 202 балл алган болсо, бир окуучу физикадан облустук олимпиадага катышып, өткөндүгүн айтууга болот. Инновациялык мектептер арасында өткөрүлгөн Робототехника боюнча 8-9-класстын окуучулары Түштүк аймагы боюнча биринчи орунду алышты. “Тарых издери” боюнча өткөрүлгөн онлайн кароо-сынагында 10-класстын 3 окуучусу катышып, кыргызча, орусча, англисче 3 тилде сүйлөшүп, республикада биринчи орунга чыгышты.



ЖРТнын жыйынтыгында Роман Бөрүбаев 200 балл, Уркуя Кенжекулова физика сабагы боюнча олимпиаданын катышуучусу, мугалими Бегайым Жээнбекова. Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен 24 окуучу жогорку окуу жайларында билим алышууда. Окуучулардын арасында Манас айтуучулар да бар, алардын бири Сейил Кыргызбаеваны айтууга болот. Ал Кара-Суу райондук маданият үйү тарабынан өткөрүлгөн кароо сынакка катышып, Мактоо баракчаларына арзып келе жатат. Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан өткөрүлгөн билим тайпасындагы кароо- сынактарда Өмүркан Султаналиева биринчи орунду, (мугалими Миргүл Тургунбаева), Нурсулуу Артыкова сүрөт тартуу боюнча облуста биринчи орунду, (мугалими Миргүл Тургунбаева), интеллектуалдык менчик жана музыка боюнча республикалык кароо-сынакта Айдана Аттокурова биринчи орунга ээ болду (мугалими Шарапат Абидинова).

"Мектеп - 2030" долбоорунун алкагында күнөскана уюштурулган. Окуучулар долбоор жазышып, мектепке таштанды таштоочу урна алышып, мектептин айланасындагы тазалыкты таза кармашууда. № 87 Сыдык Алайчы уулу атындагы жалпы билим берүү мектебинин 20 жылдык бүтүрүүчүлөрү демөөрчүлүк көрсөтүштү.

**Б. Ысакова.**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы мурдагы санда)**

Балалык тестиер кезимде атактуу жердешибизди жанынан эки жолу көрдүм. Алай району менен Кара-Кулжа районунун чектеш жеринде Кара-Токту аттуу жайлоо бар. Балалыгымдын көпчүлүк кези ушул жайлоодо өттү. Бул жайлоонун айланасы бөксө тоолор менен курчалып, батыш тарабында жайсаңыраак келген Чалка, андан ары Мала-Жар, Суук-Дөбө, түштүк тарабында Ак-Пор, чыгышы Кызыл-Жарга барып такалса, андан ары Алтын-Жайлоо, Орто-Бел, Качуура деп аталып, мына ошол тоо кыркалары аркылуу келгиндер өтчү жол болор эле. Бул жол менен Куршаб тараптан жазында короо-короо койлорун айдап, малчылар Алайкуунун Дардаң-Көл, Андалы жайлоолоруна көчүп өтүшчү, ал эми күз айлары жакындаганда, тескерисинче жайлоодон кыштоону көздөй жылып өтүшөр эле. Мына ошол келгин жолдун боюнда, стратегиялык жактан эки районду бөлүп турган чекте жайгашкан, өзгөчө бир ажайып кооз жайлоо – мына ушул Кара-Токту жайлоосу. Аталган тоо кыркаларынын ортосунун кыйла жери ойдуң келип, биздин боз үйлөр ушул жерде тигилет. Андан ары Ак-Пор тарапта секиче жерде алайлык туугандар жайгашып, алары уруусунун атынан "Тоокеликтер" деп атап, алар менен жаз айларынан күзгө чейин кошуна жашап, карым-катнашыбыз абдан жакшы. Мына ошол тоокеликтер менен биздин ортобузда кичине колотчо саздак келип, азыраак суу агат эле. Суунун баш жагында суусу тиш какшаткан булак болор эле, мына ошол булактан аккан сууну труба аркылуу буруп келишип, цементтешип, эки ноочо курушуп, адамдар суу алганга жана мал ичкенге ыңгайлуу кылып коюшкан. Күндүзү биз теңдүү жаш балдардын көбү ушул "кранттын" айланасында ойнойбуз, аны ушинтип атачубуз, күн ысып кеткенде, малдар да суу ичкени келишип, анын тегерегинде ылаалашат. Түш ченде бул жерде койлор, жылкылар жайгашып, бизге орун калбагандыктан, Кара-Токтунун белине чыгып, ар жакты караганды сүйчүбүз. Түндүк жагын карасаң биз тараптын айылдары - Тегерек-Саз, Конокбел-Талаа дүпүйүп көрүнүп, андан төмөнүрөөктө Булаш, жогорто Сары-Кыр, Суук-Дөбө, андан ары арандан Торойчу бүлбүлдөп, оң тарапта Бөрү-Көрбөс, Кичи-Бөрү-Көрбөс жайлоолорунун алды жагында Ажике жайлоосу жатат чалкайып, ал эми түштүк тарапты карасаң Тоокеге түшүп кеткен жол, андан ары Бүлөөлүнүн тоолору көрүнөт.

Мени жаш чакта эмчектен чыгарып, таятам жана таенем багып алышкан экен, таятамды ата, таенемди апа, тагамды аке, өз атамды да аке, апамды абже деп чоңойдум.

1969-жылы жай айларынын күндөрүнүн биринде, түш мезгилинен ооп калган кез эле, эстеп калганымдын себеби, мен сегиз жашка чыгып, мектепте биринчи классты бүтүп, жайкы каникулга чыккан мезгил эле. Балалык чакта эмне, курсак ток болсо эле ойноп жүрө берет эмессиңби. Кара-Токтунун бели жагында өзүм теңдүү жаш балдар менен ойноп жүргөнбүз, бир маалда эле аял кишинин ырдаган үнү чыгып калды, карай салсак, тээ Тооке тараптан келаткан эки атчандын караанын көрүнүп, алар түз эле биздин боз үйлөрүбүз тарапка бастырып калышты. Биз үйгө чуркап жеткенче, алар аттан түшүп боз үйгө кирип жайгашып калышыптыр. Кирсек, бир аял киши жана чоочун мен көрбөгөн эркек киши отуруптур, алардын эркеги бизди карап: - Э-э, келгиле, баатырлар –деп койду. Үйдүн улагасында гармонго окшогон нерсе жатат, үйдө Макен акем гармон тартып калчу, мен ошондон билчүмүн, бирок гармошкадан бир аз чоңураак жана башкачараак көрүндү. Апам берерге ашын таппай калдалап, ал эми атам да ушул күнү үйдө эле, көбүнчө иштер менен бир жактарга чыгып кетчү, өзүнчө эле сүйүнүп алыптыр, мени көрө сала: - Бул менин неберем - дей салды да – балам, тезинен койлорду айдап келе салгыла, Рыспайыма союш союп, сыйлабасам болбойт –деп калды. Андагы жанагы киши: -Э-э, Акыш ака, сизди жээним десем да болот, ал эми Сакы абжеме мен жээнмин. Убактым болсо сиздердин союшуңуздарды жеп кетет элем. Гүлчөрө жумуштап келе калып, эми ушунча келгенден кийин апама, туугандарыма да учурашып кеткенче, туулган жердин абасынан кере-кере дем алып, келе калайын деп бурулуп калдым. Убактым тар. Сиздердин бул жерде экениңиздерди Тоокелик туугандардан сурап билдим. Аларга азыраак эрмек болсом, бизге аттарын токуп беришти, аларга чоң ыракмат. Эртеңден Ошто болуп калышым керек –деди. Дасторкон жайылып, каймак-кайнак койулуп, меймандар кымыздан бир-экиден кесе ичкенче, "Рыспай келиптир" деген кабар желдей тарап, айылдагы адамдар бириндеп кирип отуруп, үй толуп чыкты. Жанагы мен айткан адамдын аты Рыспай экен, ордунан тура калып, гармошкадан чоң нерсени мүрүсүнө илди да (кийин билсем аны аккердеон деп аташат экен): – Сиздерге келинчегим Оңол, андан соң экөөбүз колдон келишинче азыраак ырдап берейли – деди да, аны узун, шадылуу колдору менен басып койду эле, андан мурун мен укпаган укмуштуудай ыргактар үй ичине батпай жаңырып, тээ алыска чейин угулуп, бир маалда келинчеги аны коштоп, созолонтуп ырдай баштады. Алгачкы эки ырды келинчеги, кийинки эки ырды экөө биригип ырдады эле, чогулган элдер: - Эми өзүң ырда – деп суранышкандыктан, катары менен төрт-беш ырды ырдап, отурган элдер "бали Рыспай, өркөнүң өсүн!" – деп алкап, күндүн кеч кире баштаганын да сезбей калыппыз. Чогулган эл дагы эле аны кетире койбой канча болсо да отура беришмек: - Эми бизге уруксат бериңиздер – дегенде гана эстерине келип, кечки мал кароочу мезгил өтө баштаганын сезишип, коштошуп тарай башташты.

**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

*Жарыялар*

## Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Сагандиева Муккадамканга таандык болгон ИНН 12512198000823 номерлүү жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Аукцион

Баш-Булак айыл аймагынын айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлерине төмөндөгү лоттор боюнча аукцион өткөрүлөт.

## Баш-Булак айылы

Лот №1 №128 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Коңурбаев Жолборс иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом,а рымы 480 сом.

Лот №2 №128 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Турдиев Аваз иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №3 № 128 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Коңурбаев Жоомарт иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №4 № 128 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Анарбаев Ниязбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот № 5 № 124 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Жолдошов Адылбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №6 №409 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Досонов Болот иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400сом, арымы 480 сом.

Лот №7 №872 контурдагы 1,30 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Мамашарипова Р иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1560 сом, арымы 312 сом.

Лот №8 №458 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Абдразаков Болот иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №9 №458 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан .( Абдразаков Болот иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №10 №582 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Бердибаев Аскар иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600сом, арымы 720 сом

Лот №11 №579 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Абдыкааров Бактияр иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №12 №458 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Кайрагач участогунан. ( Пирматов Маматжума иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот №13 №388 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Кайрагач участогунан.( Эркинбаев Улукбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот №14 №582 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан.( Тупанова Майрам иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600сом, арымы 720 сом

Лот №15 №874 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Абиев Шералы иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №16 №874 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Абиев Шералы иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом ,арымы 720 сом

Лот №17 №572 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Сасыкулов Санжар иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом ,арымы 720 сом

Лот №18 №860 контурдагы 3 га кайрак айдоо,Долоно участогунан.( Матазимов Аваз иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3600сом, арымы 720 сом

Лот №19 №860 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Матазимов Алтынбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом,арымы 480 сом

Лот №20 №846 контурдагы 3га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Сатилов Медет иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом ,арымы 720 сом

Лот №21 №572а контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан.( Абдраимов Гүлжигит иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот №22 №572а контурдагы 2 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан .( Мамаджанов Данияр иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №23 №387 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Бектемирова Гулипа иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №24 №128 контурдагы 2 га кайрак айдоо ,Долоно участогунан. ( Шамшиев Азатбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №25 №128а контурдагы 3 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Абдразаков Аширбай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот №26 №128а контурдагы 3 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. ( Исраилов Рысбай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот №27 №578 контурдагы 2 га кайрак айдоо , Ак-Кыя участогунан. ( Мамажунусов Абдибаит иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №28 №578 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Мамажунусов Абдибаит иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот №29 №573 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Түгөлов Өсөр иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №30 №573 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Түгөлов Өсөр иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом

Лот № 31 №324 контурдагы 2 га чөп чабынды, Учемек участогунан. (Мурзабаев Өсөр иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 600 сом.

Лот № 32 № 569 контурдагы 3 га чөп чабынды, Ак-Кыя участогунан. (Султанбеков Аваз иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот № 33 № 579 контурдагы 2 га чөп чабынды, Ак-Кыя участогунан. (Раимов Мурат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот № 34 №579 контурдагы 2 га чөп чабынды, Ак-Кыя участогунан. (Маткаримова Салтанат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот № 35 № 579 контурдагы 2 га чөп чабынды, Ак-Кыя участогунан. (Раимов Алмаз иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот № 36 № 579 контурдагы 3 га чөп чабынды, Ак-Кыя участогунан. (Абдыгулов Өмүрбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот № 37 № 388 контурдагы 3 га чөп чабынды, Долоно участогунан. (Абдрамanова Суйумкан иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот № 38 №577 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. (Исаков Медер иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

Лот № 39 №577 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. (Турдуев Абдилашим иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

Лот № 40 №577 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Турдуев Абдилашим иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

Лот № 41 №572 контурдагы 3 га чөп чабынды, Ак-Кыя участогунан. (Сапакулов Баатырбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом

Лот № 42 №859 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан. ( Казаков Суйун жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

## Ачы айылы

Лот № 1 № б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Алтынбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №2 № б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Бакыт иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600сом, арымы 320 сом.

Лот № 3 № б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Гүлнара иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №4 № б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Алтынбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №5 № контурдагы 1 га чөп чабынды, участогунан. (Мамышева Уулкан иштетип жүргөн )баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №6 № контурдагы 2 га чөп ча-

**(уландысы 7-бетте)**

(башталышы 6-бетте)

## Аукцион

бынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Тиленбай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №7 № контурдагы 3 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Абдыкадыров Кылыч иштетип жүргөн) баштапкы баасы 480 0сом, арымы 960 сом.

Лот №8 № контурдагы 2 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Абдыкадыров Мустафа иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200сом, арымы 640 сом.

Лот №9 № б/н контурдагы 1,5 га кайрак айдоо, Геологобаза участогунан. (Эрмеков Нурилла иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1800 сом, арымы 360 сом.

Лот №10 № б/н контурдагы 1 га кайрак айдоо, Геологобаза участогунан. (Сеитов Ибрагим иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1200 сом, арымы 240 сом.

Лот №11 № б/н контурдагы 1 га кайрак айдоо, Геологобаза участогунан. (Айдаров Деңизбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1200 сом, арымы 240 сом.

Лот №12 № контурдагы 2 га кайрак айдоо,Таш-Башы участогунан. (Дашаев Ыдырыс иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом

Лот №13 № контурдагы 3 га кайрак айдоо, Таш-Башы участогунан. (Дашаев Ыдырыс иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

Лот №14 №32 контурдагы 0,12 га курулушка ыңгайсыз, Мойка участогунан. (Жаныбек уулу Арген иштетип жүргөн ) баштапкы баасы 600сом, арымы 120 сом.

### Кызыл-Ордо айылы

Лот №1 № 534 контурдагы 3 га кайрак айдоо, Алча участогунан. (Чийиров Арстан иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

Лот №2 №534 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Алча участогунан. (Чийиров Арстан иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №3 №591 контурдагы 1 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. (Тажикбаев Жаныбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1200 сом, арымы 240 сом.

Лот №4 №б/н контурдагы 1,5 га кайрак айдоо,Суу кампа участогунан. (Чодуев Юлдаш иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1800 сом, арымы 360 сом.

Лот №5 №601 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Алча участогунан. (Максутов Алтынбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №6 №595 контурдагы 2 га кайрак айдоо, 55 участогунан. (Турдубаев Таалай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

Лот №7 №595 контурдагы 2 га кайрак айдоо, 55 участогунан. (Турдубаев Таалай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

### Эшме айылы

Лот № 1 № 811 контурдагы 1,8 га кайрак айдоо, Сай участогунан. (Миңбаев Шакир иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2160 сом, арымы 432 сом.

### Садирбай айылы

Лот №1 № 189 контурдагы 0,3 га суулу айдоо, Садирбай участогунан. (Атабаев Амадали иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3600 сом, арымы 720 сом.

Лот №2 № 1 контурдагы 0,25 га суулу айдоо, Садирбай участогунан. (Тезекбаева Буниса иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3000 сом, арымы 600 сом.

### Жаңы-Турмуш айылы

Лот №1 №375 контурдагы 2 га кайрак айдоо, Күйгөн Кырман участогунан. (Мадишев Арстан иштетип жүргөн) баштапкы баасы 2400 сом, арымы 480 сом.

### Кара-Сөгөт айылы

Лот №1 №б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Бокондун кыштоосу участогунан. (Боронов Бексултан иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №2 №797 контурдагы 1 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Жамгырчиев Афтандил иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №3 №785 контурдагы 2 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Эшиев Амат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот № 4 №785 контурдагы 2 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Сатарова Гулнара иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №5 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Бокондун кыштоосу участогунан. (Жалиева Аида иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №6 контурдагы 2 га чөп чабынды, Бокондун кыштоосу участогунан. (Боронов Аттокур иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №7 №б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Геолобаза участогунан. (Абжал уулу Алманбет иштетип жүргөн )баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №8 №532 контурдагы 2 га чөп чабынды, Митке колот участогунан. (Калыев Жолчу иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №9 №б/н контурдагы 3 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Мамытов Нуркамил иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №10 №б/н контурдагы 3 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Мамытов Калдарбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №11 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Ормонов Чынгыз иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №12 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды Геологобаза, участогунан. (Омонов Манас иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №13 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Шүкүрали уулу Давлат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200сом, арымы 640 сом.

Лот №14 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Тыныч иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №15 №б/н контурдагы 3 га чөп чабынды Геологобаза,участогунан. (Мамытов Аттокур иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №16 №б/н контурдагы 3 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Омонов Маматжан иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом,арымы 960 сом.

Лот №17 №б/н контурдагы 3 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Абдразакова Кенже иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №18 №б/н контурдагы 3 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Эрмеков Шукурулло иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №19 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Геологобаза участогунан. (Мамытов Асилбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом,арымы 640 сом.

Лот №20 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды,Таш-Башы участогунан. (Касымов Камалдин иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №21 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды,Таш-Башы участогунан. (Мурзабаев Сайдилла иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №22 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды,Таш-Башы участогунан. (Мурзабаев Талант иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №23 №б/н контурдагы 1 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Касымов Алтын иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №24 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Теңизбаев Баястанбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №25 №б/н контурдагы 2га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. (Матраимов Муратали иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №26 №б/н контурдагы 2 га чөп чабынды, Таш-Башы участогунан. ( Матраимов Алтыбай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

### Талдык айылы

Лот №1 № 425 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Абидинова Гулипа иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №2 №319 контурдагы 1 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Абрашитов Эламан иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №3 №319 контурдагы 1 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Турдумамат уулу Эламан иштетип жүргөн )баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №4 №252 контурдагы 1 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Абыгапаров Курманбек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №5 №252 контурдагы 1 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Абыгапаров Камалдин иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №6 № 440 контурдагы 1 га чөп чабынды, Кичик участогунан.( Матисаков Каныбек иштетип жүргөн)баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот №7 № 451 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Сыдыков Токтомурат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом,арымы 960 сом.

Лот№8 № 266 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Асанова Динара иштетип жүргөн ) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №9 №449 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кичик участогунан. (Сыдыков Тажибек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №10 № 151 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кызыл участогунан. (Маматалиев Урмат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот № 11 № 451 контурдагы 2 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Батышев Эмил иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №12 №319 контурдагы 2 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Тагай уулу Кылыч иштетип жүргөн) баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот№13 № 364 контурдагы 2 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Маматова Санабар иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот№14 № 364 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кызыл участогунан. (Бөжүбаев Мелис иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №15 № 364 контурдагы 3 га чөп чабынды, Кызыл участогунан. (Коңурбаев Келдимурат иштетип жүргөн) баштапкы баасы 4800 сом, арымы 960 сом.

Лот №16 № 364 контурдагы 2 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Ахмедов Ороз иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №17 № 364 контурдагы 2 га чөп чабынды ,Кичик участогунан. ( Исмаилов Алмаз иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот №18 № 938а контурдагы 0,80 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Ажибаев Анарбай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1280 сом, арымы 256 сом.

Лот №19 № 364 контурдагы 1 га чөп чабынды,Ивановка участогунан. ( Айтиев Калбай иштетип жүргөн) баштапкы баасы 1600 сом, арымы 320 сом.

Лот№20 № 425 контурдагы 0,70 га суулу айдоо,51км участогунан. ( Абидинова Гулипа иштетип жүргөн) баштапкы баасы 8400 сом, арымы 1680 сом.

Лот№21 №130 контурдагы 1га Суулу айдоо, 54км участогунан. ( Кулуев Жамгырчы иштетип жүргөн) баштапкы баасы 12000 сом, арымы 2400 сом.

Лот№22 №310,311 контурдагы 2 га чөп чабынды, Кичик участогунан. ( Үсөнбаев Абдымомун иштетип жүргөн )баштапкы баасы 3200 сом, арымы 640 сом.

Лот№23 № 656 контурдагы 0,30 га кайрак айдоо, Сай участогунан. ( Абдразаков Тажибек иштетип жүргөн) баштапкы баасы 360 сом, арымы 72 сом.

Лот№24 № 894 контурдагы 0,30 га кайрак айдоо, Сай участогунан. ( Жолдошов Чубак иштетип жүргөн) баштапкы баасы 360 сом, арымы 72 сом.

Урматтуу Баш-Булак айыл аймагынын жашоочулары аукционго арыздар ар бир лот боюнча кабыл алынат.

Аукцион Баш-Булак айылына 17-февраль күнү, Кызыл-Ордо,Эшме,Садирбай,-Жаны-Турмуш жана Талдык айылдарына 18-февраль күнү,

Кара-Сөгөт,Ачы айылдарына 19-февраль күндөрү өтөт.

Арыздарды кабыл алуу Баш-Булак айылына 10-февраль күнү саат 18,00 дө токтойт.

Кызыл-Ордо,Эшме,Садирбай,Жаны-Турмуш жана Талдык айылдарына 11-февраль күнү саат 18,00 дө токтойт.

Ачы,Кара-Сөгөт айылдарына 12-февраль күнү саат 18,00дө токтойт.

Кепилдик төлөмдөр
Суулу жерге 1200 сом
Кайрак жерге 300 сом
Чөп чабык жерге 400 сом

Сурап билүү телефондору: 0755 009366,0998 800606, 0998 222305.




# АЛТЫНБЕК ИСМАИЛОВ - ЗАМАН АКЫНЫ

**Ош шаарында белгилүү акын Алтынбек Исмаиловдун поэзия кечеси өткөрүлдү. Ага атайын чакырылган коноктор, адабият сүйүүчүлөр, калемдештер жана поэзияга суусаган журт катышты. Бул кечеде түштүк жергесинин талантту уулу, ойдун тереңин сөздүн көркөм күчү менен ачып келе жаткан белгилүү акындын поэтикалык дүйнөсүнө баш бактык. Анын поэзиясы бул жөн гана ыр саптары эмес, бул адам тагдыры, мекенге болгон сүйүү, улуттук нарк, ички дүйнөнүн тынчсыздануусу менен үмүтүнүн үнү. Анын ырларында Ош шаарынын жыты, элдин тагдыры, заман менен адамдын диалогу айкын сезилет. Акындын калеминен жаралган ар бир ыр окурманды ойго салат, жүрөккө жетет, жан дүйнөнү тазартат. Алтынбек Исмаиловдун поэзия кечеси акындын чыгармачылык жолуна болгон урматтын, адабиятка болгон сүйүүнүн белгиси. Мындай кечелер руханий баалуулуктарыбызды сактап, кийинки муунга табыштоодо өзгөчө мааниге ээ.**





**Ош шаарындагы №33 Самидин Алымкулов атындагы мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Дамир Чокоев:**

-Акын Алтынбек Исмаловдун поэзия кечеси сонун өттү. Кечеде акындын салттуу кыргыз поэзиясынын мыкты үлгүлөрүнө таянган, ошол эле учурда заманбап окурмандын жүрөгүнө жакын жаңычыл образдары өзгөчө таасир калтырды. Анын ырларындагы мекенчилдик, сүйүү жана философиялык изденүүлөр эч кимди кайдыгер калтырган жок. Иш-чара абдан жылуу жана ишенимдүү маанайда өттү. Акындын өз оозунан чыккан ырлар, ар бир саптын маанисине берилген басым - залга өзгөчө бир энергия тартуулады. Сахнадагы жасалгадан баштап, музыкалык коштоого чейин поэзиянын касиетин ачып берүүгө кызмат кылды.

Алтынбек Исмаиловдун окурмандары менен болгон баарлашуусу - бул ачыктыктын үлгүсү. Ал жөн гана ыр окуп бербестен, ар бир ырдын жаралуу тарыхына токтолуп, элдин суроолоруна жооп берип, коомдогу актуалдуу маселелерди поэтикалык тил менен жеткире алды.

Бул кече Ош шаарынын маданий турмушундагы маанилүү кадам болду. Алтынбек Исмаиловдун чыгармачылыгы - бул бүгүнкү күндүн күзгүсү жана келечек муун үчүн баа жеткис мурас. Поэзия кечеси "сөз өлдү" деген түшүнүктүн жалган экенин, тескерисинче, чыныгы поэзия дайыма жашай турганын далилдеди. Алтынбек Исмаиловдун ырлары - жүрөктөн чыгып, жүрөккө жеткен, бир адам өзүн таба алган чыныгы искусство.

**Ош шаарындагы №11 В. В. Терешкова атындагы жатак-мектебинин англис тили мугалими Асылгүл Наркулова:**

-Алтынбек Исмаиловдун поэзия кечесине катышуу мен үчүн руханий жаңылануу болду. Кече башталганда эле залда өзгөчө тынчтык, ыр дүйнөсүнө болгон сый-урмат сезилип турду. Акындын үнү жаңырып, мекен, эне, сүйүү, балалык, табият тууралуу терең мазмундуу ырлары окулганда жүрөгүм толкуп, көзгө жаш келген учурлар да болду.Ал ырларды жөн гана окуп койгон жок, ар бир сөздү жүрөгүнөн өткөрүп,



жан дүйнөсү менен жеткирди. Поэзияга болгон берилүүсү, ар бир саптагы эмоция угуп отургандардын да жан дүйнөсүн толкутпай койгон жок. Лирикалык тыныгуу учурлары ыр менен ырдын ортосундагы дем катары кызмат кылып, кече мазмундуу өттү.

Кеченин соңунда акындын китебин колума кармап, анын кол тамгасын алуу да өзүнчө бир бакыт болду. Бул кечеден кийин ырга болгон сүйүүм артып поэзия мени өзүнө тартты деп айта аламын.Алтынбек Исмаиловдун поэзия кечеси сөздүн касиети, ырдын күчү, акындын жүрөгү менен түз байланышкан керемет бир дүйнө сезилди. Мындай кечелер адамдын ички жан дүйнөсүн байытып, жашоого болгон сүйүүсүн арттырат экен. Эмнегедир, бул поэзиялык кечеден кийин ыр жазууга белсенип, 2 куплет ыр жаратууга да жетиштим.

**ОшМПУнун окутуучусу Эртөштүк Жумабаев:**



-Белгилүү акын, котормочу Алтынбек Исмаиловдун «Жан дүйнөгө төңкөрүш жасаш керек!» деген поэзия кечеси терең ойлорду, жүрөктөн чыккан саптарды камтыган маанилүү адабий иш-чара болду. Акындын ырларында бүгүнкү адам баласынын жан дүйнөсүндөгү күрөш, руханий изденүү, турмуштук тагдырлар жана коомдогу түркүн көрүнүштөр чагылдырылган.

Поэзия кечеси акындын чыныгы чыгармачыл дүйнөсүн ачып, жаштарга ой жүгүртүү, өзүнө баа берүү, ички дүйнөсүн сүңгүү багытында чоң таасир калтырды. Айрыкча, «жан дүйнөгө төңкөрүш» жасоо идеясы ар бир адам руханий жактан өсүшү керек деген терең ойду камтыйт.

Кеченин жүрүшүндө окулган ырлар эне тил, мекен, сүйүү темалары камтылып, жүрөккө жетип, катышуучулардын жан дүйнөсүн ойготуп, жашоого болгон көз карашын өзгөртүүгө түрткү берди. Ушундай мазмундуу кечелер акындар менен окурмандын байланышын чыңдап, адабияттын таасирин арттырары шексиз. Бул кече поэзия сүйгөндөр үчүн чоң руханий майрам болду. Акындын чыгармачылыгына ийгилик жана



дагы көптөгөн төңкөрүштөрдү жасай беришин каалайбыз.

**Ош шаарындагы №31 Курманжан датка жалпы билим берүү мектебинин директору Келсинай Эсенгелдиева:**



-Акын Алтынбек Исмаиловдун Ош шаарында өткөн поэзия кечесине соцтармактын жарнамасы аркылуу бардым. Жекшемби экендигине карабастан, кары жаш дебей окуучулардан бери баргандыгы кубантты. Эл ичинде аты таанылып калган акындын поэзия кечеси жогорку деңгээлде өттү. Анын ырларынан атанын каны, эненин сүтү менен өткөн мекенчилдик сезими ар бир ооздон чыккан сөзүнөн сезилди. Берилген суроолорго таасын берген жооптор, нукура кыргыз жыттанып, далилдүү болушу кеченин көркүнө көрк, акындын баркына барк кошту. Уучубуз куру эмес экен деп сыймыктандым.

**ОшМУнун окутуучусу, И.Арабаев атындагы Улуттук университеттин аспиранты, психолог, полиглот Кулушева Айбарчын:**

-Алтынбек Исмаилов-сөздүн гүлүн терип сүйлөгөн азыркынын Алыкулу. Анын поэзия кечесине барып, жан дүйнөм эс алып, жүрөгүмдүн чаңкоосу канды. Канаттуу саптардын кучагында эс алдым. Философиялык мааниси терең, мекенчилдик сезимди козгогон ыр саптарын угуп отуруу өзүнчө ырахат тартуулады. Элетти кыдырып, элдин жүрөгүн касиеттүү ыр саптары менен дарылап, көптөгөн жаштардын мекенге жана эне тилге болгон мамилесин өзгөрткөн өзгөчө акын Алтынбек мырзага чыгармачылык ийгилик жана үй-бүлөлүк бакыт каалайм.

**Ош шаарындагы №8 жалпы билим берүү мектебинин мугалими Халида Мурзаева:**

-Акын Алтынбек Исмаиловдун поэзия кечеси жүрөккө жылуулук, жан дүйнөгө терең таасир берген руханий азык болду. Ар бир ыр саптан акындын турмуштук тажрыйбасы, ойлорунун тереңдиги, сөзүнүн күчү сезилип турду. Акындын ар бир ыры турмуштан алынган, чындыкты чагылдырган, күйүп-бышып айтылган сап болду. Жекшемби күнү поэзия кечеси биз үчүн жөн гана маданий иш-чара эмес, ички дүйнөбүзгө жасалган төңкөрүш, руханий сергүү, тынчтык жана шыктануу болду. Кече көпкө чейин эсте калуучу, руханий азык болгон таасирдүү жолугушууга айланды. Сөздүн табын сезип, акын менен сырдашкандай болдук. Ыракмат, сизге акын ага!

**Бетти даярдаган: А.МАТИЕВА.**